Дыйканчылык – кирешелүү бизнес

# ЖОРГО, КҮЛҮКТӨР ТАПТАЛЫП, БУКАЛАР БУРКУЛДАП, БАКАЛАР ЧАРДАП, ЧЕТ ЭЛДИКТЕР БАЙЫРЛАГАН "РЕЙНА-КЕНЧТЕ"



***Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун белгилүү Тепке айылында "Рейна-Кенч" аттуу керемет дыйкан чарбасы бар экен. Керемет дегенибиз, мал аралашкан жерде эс алууга да болот экен! Биз кыргыздар, мал аралашкан жерди жагымсыз жыты бар, эски кашар турган жер деп түшүнүшүбүз мүмкүн. Союз тараганда ар кимге үлүш жерлер, кашарлар берилип жатканда Аскарбек Жаныбековго жана анын үй-бүлөсүнө эски кашар энчине тийиптир. Суусу жок, эптеген эски кашардын жанына боз үй тигип көчүп барган Аскар байкенин мал жана дыйкан чарбасы азыр дүйнө элин өзүнө тартат. "Экономика журналисттеринин клубу" журналисттерди соңку пресс-тур менен ушул керемет жайга алып барды.***



### ЖӨЖӨДӨН БАШТАЛГАН БИЗНЕС

Бизди Аскарбек Жаныбековдун уулу Айбек Жаныбеков тосуп алды. Биз түшкөн жер өзүнчө бөлүнүп турган кокту экен. Бир көргөн кишиге өзгөчөлүгү деле билинбейт, качан маалымат угуп, аралай баштаганыңда 300 гектар аянттын сырлары ачыла баштайт.

Жаныбеков Аскарбек суусу жок ээн коктуга үй-бүлөсүн көчүрүп барып, адегенде эле 500 жөжө сатып алат. Аны багып, жумуртканы күздө сана деп, базарга дүңүнөн жумуртка сата башташат. Күнүнө 300дөн жумуртка өткөрүшөт. Акырындык менен уй, жылкы сатып алышат. Алты жыл бою суусу жок жерге булактан суу ташып ичишет. Алты жылдан кийин 60 метр жер алдынан суу чыгарышат. Ошондон кийин бизнес дүркүрөп өнүгө баштайт. Адегенде уйлар үчүн, андан кийин жылкылар үчүн сарайларды курушат. Кийин сеневал курулат. Акырындык менен жерди иштетүүнү да колго алышат. Дыйканчылыкка керектүү бардык жашылча-жемиштерди тигишет. 25 жылдын ичинде бул үй-бүлө бараткан багытын аныктап, дыйканчылыкты бизнеске айлантуу менен ишкердигин беш топко бөлгөн.

### БИЗНЕСТИН БЕШ БАГЫТЫ

**Биринчиси – мал чарбачылыгы.** Бул үй-бүлөнүн өзгөчө оозго алардык жагы – мал багат десе эле ар кандай үй-койлорду багуу эмес экен. Алар баккан ири мүйүздүү мал - Америкадан алынган абердин-ангус тукумундагы эт багытындагы букалар. Мисалы, кадимки уйдун салмагы 200 кг болсо, булардын букасы 600 кг. чейинки эт берет. Алар сорту боюнча дүйнөдө биринчи орунда турган мрамор этин (мраморное мясо) беришет. Булардын этин көбүнчө билген адамдар жана туштук аймагы алып кетет. Аскар байке учурунда чоң коркунуч менен 103 баш абердин-ангус торпокторун Монтана шаарынан алдырып келиптир. Азыр мындай торпоктордун баасы 100 миң сомдун тегерегинде. Андан сырткары, спорттук аттар багылат. Жорголор, күлүктөр жана көк-бөрүчүлөр. Бир дагы ат союп жеш үчүн багылбайт. Анын баары спорт оюндары үчүн тапталат. Күлүк аттардын сарайына кирип, ар бир аттын короосун карап чыктык. Дайыма машыгууда, дайыма байге алып көнгөн күлүктөр сыртка чыгаар менен туйлап, өнөрлөрүн көрсөтүшөт экен.

**Экинчи багыты – дыйканчылык.** 300 га жерди өздөштүрүү оңойго турбайт. Бул жерде үрөнчүлүк чарбасы да бар. Буудай, картошка жана жемге тоют өстүрүлөт.

**Үчүнчү багыт – окутуу борбору.** Жылына бул жерден миңдей дыйкандар дыйканчылыктын сырларын окуп, практика жүзүндө көрүп, үйрөнүп кетишет. Бул үчүн эл аралык уюмдардын долбоорлору ишке ашырылат. ЮСАИД, Жайзед, АРИС уюмдары колдоп турат. Анүчүн окуу борбору уюштурулган. Окууну каалаган адамдар же дыйкандар жазында, күзүндө келишип, бир жума окуп кетишет. Алар үчүн жатчу жайы, тамакашы долбоордун эсебинен болот.

**Төртүнчү багыт – багбанчылык.** Бакчада алма, өрүк, карагат, шабдалы, малина, бардыгы бар. Ысык-Көлдө эмне өссө, бардыгын өстүрүүнү колго алышып, көргөзмө-жармаңкесин уюштурууга багыт алышкан.

**Бешинчи багыт – агротуризм.** Бул өзүнөн өзү башталган. Жаныбековдордун үй-бүлөсү дыйкан чарбасынын бардык түрүн колго алышканда "кантип жылкыны таптап жатат, уйду кандай багат, үрөндү кантип себиш керек, кандай үрөн сатып алыш керек" деген адамдардын саны көбөйгөн. Ал тургай Өкмөттөн адамдар келе баштаган. Караколдогу турагенттиктер көңүл бура баштаган. Караколго чет өлкөлүктөр көп келет эмеспи. Турагенттер өздөрүнүн туристтерин алып келе башташкан. Алар кыдырып көрүшүп, атка минип, экологиялык таза азыктарды жеп, эс алып кетип турушкан. Эки жылдан кийин туристтик агенттер мейманкана куруну сунушташкан. Ошентип, туристтер үчүн заманбап мейманкана курулган. 40 орундуу мейманкана үчүн 2018-жылдын жайында бир да орун бош калган эмес, эми 2019-жылдын жаз, жайына орун жок. Баары брондолгон. Апрелден октябрга чейин бул жерге туристтердин саны токтобойт. Өзгөчө Европа өлкөлөрүнөн келишет. Бир бөлмө бир күнгө таңкы тамагы менен 50-65 доллар турат. Туристтер конуп, таңкы тамагын ичкенден кийин Хан Теңир чокусуна, тоолорго же көлгө түшкөнү кетип, кечинде жатканы келишет. Аларга күлүк аттардын тапталышы, жорголордун бийи, бакалардын чардаганы, түрдүү чымчыктардын сайраганы, булак суу, эшектер, иттер, койлор, тооктор, жапайы өрдөктөр, баары сонун көрүнөт. Ал тургай Бишкектен балдарын алып барып, ушул үй жандыктарын көрсөткөндөр бар. Жаныбековдордун дыйкан чарбасынын чыгыш тарабынын ылдыйында Жыргалаң суусу агып өтөт. 10 жыл мурда суу өзүнөн өзү ары агып калганда бери жакта калган суу көлмөгө айланган. Ошол көлмөдө бакалар өтө көп түрү бар экен. Алар жаздан кеч күзгө чейин тынбай чардашат. 2011-жылы Африкадан келген Жон Вильям деген мугалим кечинде сейилдеп жүрүп, бакаларды тыңшап отуруп эс алган. Ошондон кийин анын сунушу менен көлмөнүн жээгине жакын туристтер эс алып отурчу атайын жер жасалып, ал жер бака терапиясы (квака терапия) деп аталган. Биз барганда көлмөнүн үстүн жапайы өрдөктөр байырлаганын көрдүк. Балык да көп дешет.










БИЗНЕСТИН БЕШ БАГЫТЫ







### АГРОТУРИЗМ АБДАН ӨНҮГҮПТҮР

Жаныбековдордун чарбасында күзүндө, кышында дайыма 20-25тей киши иштесе, жайкы убактарда 50гө жакын адам эмгектенет. Дыйкан чарбасын кыдырып жүрүп, картошка казгандарды, күлүк таптагандарды, бука баккандарды көрдүк. Туристтер үчүн курулган заманбап мейманкананын айланасы алма бакка толгон. Меймандар үчүн ресторан курулган. Аянттын ар жеринде кооз үйлөр салынып жатат. Мунун баары рынок талабына ылайык улам уланып, улам кеңейип баратыптыр. Мал өстүрүп эле койбой, малды көрсөтө билүү маданиятын да колго алышканы чоң өзгөчөлүк экен. Чет өлкөлүктөр эмес, биз деле күлүктөрдү, жорголорду көрүүнү каалайт эмеспизби. Жашылча-жемиш өстүрүү, мал чарбасын өнүктүрүү, аны көрсөтүү менен агротуризмге айландыруу кандай натыйжа берээрин көрдүк. Азыр Кыргызстан туризм багытында өнүгүп баратат. Малдын башы да көбөйдү. Туризмдин ушул агро түрүн өздөштүрүүнү Жаныбековдордун үй-бүлөсүнөн үйрөнүп, өнүктүрсө болчудай.

Аскарбек Жаныбеков нөлдөн баштап дыйканчылыкты, багбанчылыкты, мал багууну мыкты жолго коюп, аны ийгиликтүү бизнеске айландырып, өзү да айыл чарбасынын адиси катары министрге чейинки жолду басып өткөн.

**Сымбат МАКСУТОВА**